**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**
**КҮМҮШТАК**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУМУШТАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 11-июну №10** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айылындагы маданият үйүнүн оңдоп түзөө иштеринин кошумча сметасына акча каражат бөлүп берүү жөнүндө**

Боо-Терек айылындагы маданият үйүнүн ондоп түзөө иштеринин кошумча сметасына акча каражат бөлүп берүү жөнүндө айыл өкмөт башчысы М.Ызабековдун сунушун угуп, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин XVI сессиясы **токтом кылат:**

1. Күмүштак айылдык кеңешинин 2026-жылдын 30-апрелиндеги “Жер казынасынан пайдалануу укугуна лицензия кармоо үчүн төлөмдөн бекитилген пландан ашык келип түшкөн 8 247 974,48 сом акча каражатты бөлүштүрүү жөнүндө” №1 токтомундагы ар кандай чыгымдарга бөлүнгөн “Муниципалдык кызмат” бөлүмүнүн **2215** (башка тейлөө чыгымдар) беренесиндеги 200 000,48 сомдун ичинен 85000 (сексен беш миң) сом акча каражаты “Турак жак жай жана коммуналдык чарба” бөлүмүнүн 3111 (имараттар жана курулуштар) беренесине Боо-Терек айылындагы маданият үйүнүн оңдоп түзөө иштерине кошумча сметасы үчүн жылдырылсын.
2. Бул токтомду аткаруу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**ТОКТОМ**

**2026-жылдын 11-июну №11** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагынын киреше бөлүгүнүн 2027-жылга долбоору жана 2028-2029-жылдарга божомолу жөнүндө**

Күмүштак айыл аймагынын киреше бөлүмгүнүн 2027-жылгы долбоорун жана 2028-2029-жылдарга болжолдуу долбоорун угуп, карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин XVI сессиясы **токтом кылат:**

Күмүштак айыл аймагынын 2027-2028-2029-жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоору жактырылсын.

1. Долбоордогу 2027-жылга карата киреше жалпы **38172,0** миң сом анын ичинен кирешелер **33481,7** миң сом, ал эми теңдештирүүчү трансферттен **4690,3** миң сом.
2. Долбоордогу 2028-жылга карата киреше жалпы **38597,9** миң сом анын ичинен кирешелер **33907,6** миң сом, ал эми теңдештирүүчү трансферттен **4690,3** миң сом.
3. Долбоордогу 2029-жылга карата киреше жалпы **39036,8** миң сом анын ичинен кирешелер **34346,5** миң сом, ал эми теңдештирүүчү трансферттен **4690,3** миң сом.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **Б.Акматов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 11-июну №12** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айылдык кеңешинин 2026-жылдын 30-апрелиндеги "Жер казынасынан пайдалануу укугуна лицензия кармоо үчүн төлөмдөн бекитилген пландан ашык келип түшкөн 8 247 974,48 сом акча каражатты бөлүштүрүү жөнүндө" №1 токтомундагы акча каражатты ич ара бөлүштүрүү**

2026-жылдын 30-апрелиндеги "Жер казынасынан пайдалануу укугуна лицензия кармоо үчүн төлөмдөн бекитилген пландан ашык келип түшкөн 8 247 974,48 сом акча каражатты бөлүштүрүү жөнүндө" №1 токтомундагы акча каражатты ич ара бөлүштүрүү керектиги жөнүндө айыл өкмөт башчысы М.Ызабековдун сунушун угуп, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин XVI сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Күмүштак айылдык кеңешинин 2026-жылдын 30-апрелиндеги "Жер казынасынан пайдалануу укугуна лицензия кармоо үчүн төлөмдөн бекитилген пландан ашык келип түшкөн 8 247 974,48 сом акча каражатты бөлүштүрүү жөнүндө" №1 токтомундагы ар кандай чыгымдарга бөлүнгөн "Муниципалдык кызмат" бөлүмүнүн **2215** (башка тейлөө чыгымдар) беренесиндеги 200 000,48 сомдун ичинен:
- 58000 (элүү сегиз миң) сом акча каражаты "Муниципалдык кызмат" бөлүмүнүн **2215** (башка тейлөө чыгымдар) беренесине 1-Май айылынын тренажердук залынын ачылыш иш-чарасына каралып берилсин.
- 40330 (кырк миң үч жүз отуз) сом акча каражаты "Муниципалдык кызмат" бөлүмүнүн **2215** (башка тейлөө чыгымдар) беренесине Элдик жыйын өтүү үчүн Кыргызстан айылындагы маданият үйүн ондоп түзөп даярдоого каралып берилсин.
- 16670 (он алты миң алты жүз жетимиш) сом акча каражаты "Муниципалдык кызмат" бөлүмүнүн **2215** (башка тейлөө чыгымдар) беренесине Жики каналга шлюз жасатуу үчүн каралып берилсин.
- Штрафтарды төлөөгө бөлүнгөн - 277 600 сом акча каражаттын ичинен 137600 (жүз отуз жети миң алты жүз) сом акча каражаты "Муниципалдык кызмат" бөлүмүнүн **2215** (башка тейлөө чыгымдар) беренесине Талас шаарынын 82-жылдыгын белгилөө иш чарасына каралып берилсин.

**2.** Бул токтомду аткаруу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 11-июну №13** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн атайын каражат бөлүмүнө келген акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө**

Күмүштак айылдык кеңешинин 2026-жылдын 11-июнундагы XVI сессиясы, “Хельветас Свисс Интеркорпорейшен” ассоциациясы аркылуу Күмүштак айыл аймагындагы жергиликтүү жамааттардын потенциалын өнүктүрүү максатында семинар, тренинг жана иш-чараларды өткөрүү үчүн айыл өкмөтүнүн атайын каражат бөлүмүнө келген кошумча акча каражаты тууралуу каржы-экономика бөлүмүнүн башчы Р.Дуйшенкулованын маалыматын угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. “Хельветас Свисс Интеркорпорейшен” ассоциациясы аркылуу Күмүштак айыл аймагындагы жергиликтүү жамааттардын потенциалын өнүктүрүү максатында семинар, тренинг жана иш-чараларды өткөрүү үчүн айыл өкмөтүнүн атайын каражат бөлүмүнө келген 51500 (элүү бир миң беш жүз) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Күмүштак айыл өкмөтү жана “Хельветас Свисс Интеркорпорейшен” ассоциациясы ортосунда түзүлгөн гранттык келишимдин негизинде келип түшкөн кошумча акча каражатын максаттуу пайдалануу жагы каржы-экономика бөлүмүнүн башчысы Р.Дуйшенкуловага милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
| --- | --- | --- |

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 11-июну №14** **Боо-Терек айылы**

**2026-жылдын Акылдуу шаар аттуу иштерге максаттуу трансферттен келген акча каражатын планга толуктоо киргизүү жөнүндө**

2026-жылдын Акылдуу шаар аттуу иштерге максаттуу трансферттен келген 2610 сом акча каражатын планга киргизүү жөнүндө маселени карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин XVI сессиясы **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөттүн каржы-экономика бөлүмүнүн башчысы Р.Дуйшенкулованын аталган маселе боюнча билдирүүсү эске алынсын.
2. 2026-жылдын Акылдуу шаар аттуу иштерге максаттуу трансферттен келген 2610 (эки миң алты жүз он) сом акча каражатын мамлекеттик кызмат бөлүмүнүн 2215 (башка тейлөө кызматтарына төлөөгө байланышкан чыгымдар) беренесине коюлсун.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ызабековго жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Торага** **Б.Акматов**